*Пардон!*

# ИСХАК РАЗЗАКОВДУ РЕВИЗИЯЛООБУ?



Үстүбүздөгү жылдын 10-11-январь айындагы "Слово Кыргызстана" газетасына жарыяланган макаласында Ш.Жанузаков карыябыз кыйын кезең учурларда кыргыздын оор жүгүн аркалап, элге ак кызмат өтөп, эң башкысы калың журттун алкышын алган көрүнүктүү айрым инсандардын бетине көө жабууга аракет жасап, чындыкты бурмалап, өз көмөчүнө гана күл тарткандыгы окурмандарды өкүнтпөй койбойт. Ш.Жанузаковдун: "И.Раззаков менен Т.Кулатов кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башында турган эмес, анткени алар репрессияга дуушар болуп, атылып кеткендердин арасында жок", -деген доомАтын кандайча түшүнүүгө болот?

Сиз ойлогондой кыргыз мамлекеттүүлүгү 1917-жылдан башталбайт. Азиядагы эң байыркы эл болуу менен эки миң жылдан ашуун тарыхында кыргыздар өз мамлекетин орнотуу үчүн күрөш жүргүзүп келишкен, айрым учурларда мамлекеттерди да түзүшкөн. Демек, кыргыздардын мамлекеттүүлүгү бир канча баскычтарды, мезгилдерди өз кучагына камтыйт. Советтик доордо түзүлгөн кыргыз мамлекеттүүлүгү анын бир баскычы. Сиз чоңоюп, кат таанып, билим алып, бирок өлөрчө жек көргөн "буйрукчул-өкүмдар" система мезгили. Ушул доордогу мамлекеттик мыкты ишмерлерибиздин алгачкы муундары: А.Сыдыков, Ю.Абдрахманов, Т.Айтматов, А.Орозбеков, Б.Исакеев ж.б. ушул системанын курманы болушту. Бирок кудайга шүгүр улуу кыргыз элинин уучу кур эмес экен мамлекетибизди башкаруу үчүн кийинки муундун өкүлдөрү келишип, эл үчүн жигердүү кызмат өтөп, калктын алкышын алды, сый урмат көрдү. Алардын арасында И.Раззаков, Т.Кулатов, Б.Мамбетов, Т.Усубалиев, А.Масалиев ж.б. кыргыз уулдары жаңы доордо мамлекеттүүлүктүн башында турушту. Соңку учурда Күнкорсуз Кыргыз мамлекетинин пайдубалы түптөлүп, чыңдалып барууда. Бул мамлекеттүүлүктү Аскар Акаев жетектеп келүүдө.

Сиз жазгандай: "Улуу инсан" китебин А.Масалиев жазган эмес, жалпы редакциялаган, анын макаласында бар. Бул китеп кыргыздын улуу инсандарынын бири И.Раззаковго арналган эскерүүлөр. Аны орус, кыргыз, татар, тажик, дунган, өзбек ж.б. элдердин өкүлдөрү, өз учурунда республикабызда үзүрлүү эмгектенишкен, анын экономикасы, маданияты ж.б. тармактарын өнүктүрүүдө чоң салым кошушкан министрлер, мамлекеттик көрүнүктүү жетекчилер, акын-жазуучулар (Күнөстүү Кыргызстандын тунгуч баатыры Түгөлбай Сыдыкбеков баш болуп), илимпоздор, искусство кызматкерлери ж.б. жазышкан, бардыгы 40 адам, боордош өлкөлөрдөн да бар. Эскерүүлөр орус жана кыргыз тилинде жарыяланган болчу. Кубанычтуу нерсе: бул китепке жылуу пикирлер, сунуштар мурдагы союздун булуң-бурчунан келип түшүүдө. "Ачуу душман, акыл дос". Бул эскермелерди окуп көрүңүз. Мурдагы СССРдин көрүнүктүү мамлекеттик ишмери, министр, өзбек элинин чыгаан уулу Усман Юсупов жөнүндөгү оюнуз да туура эмес. Бир гана айтаарым: көйгөйлүү турмушта ынтымактуу жашап жаткан коңшулардын ички ишине кийлигишүү жакшы жөрөлгө эмес.

Аксакал, сиз өз жекече пикириңизди бекемдеп жайылтуу үчүн эң ыплас болгон ыкма калп айтууну колдонгонуңуз кандай? Өз макалаңызда: И.Раззаковдун учурунда "Улуу Манас" эпосу элдик эмес деп жарыяланган", - деп жазыптырсыз. Бул чындыкты бурмалоо, калптын сорпосун кайнатып, өз көмөчүнө гана күл тартуу болуп саналат. Фактыларга кайрылалы. Кыргыз элинин сыймыгы болгон "Манас" эпосу, аны окуп үйрөнүү, калың эл арасына жайылтуу И.Раззаковдун көңүлүнүн борборунда болуп келген. Ошондуктан көптөгөн илимпоздордун, жазуучу-акындардын, сынчылардын, адабиятчылардын ж.б. катышуусу менен И.Раззаковдун демилгеси боюнча 1952-жылы Бүткүл союздук илимий сессия өткөрүлгөн. Көп талаш-тартыш маселелер каралган, айрыкча эпостун элдик мүнөзү талкууланып, далай илимий далилдер иликтенген.

Эң башкысы эпосту үйрөнүүдө өтө чоң мааниси бар жаңы багыт ачылган, аны менен дээрлик көпчүлүк макул болгон. Ал эпостун элдик мүнөздө экендиги болчу. Кийинки далил 1996-жылдын декабрь айында И.Раззаковдун 85 жылдык маарекесинде сөз сүйлөп, Чыңгыз Айматов Манасты ар кандай бурмалоолордон сактап, элдик эпос деп жарыялап, илимий сессияга сунуш кийирген эки инсан болду. Алар И.Раззаков менен М.Ауэзов деп айткандыгын унутуп калдыңызбы. Дагы бир далил. Академик Б.Юнусалиев мындан дээрлик кырк жыл мурда, 1958-жылы (И.Раззаков иштеген мезгил) минтип жазган: "Сессияга катышкандардын басымдуу көпчүлүгү эпостун негизи элдик деген корутундуга келди". (Манас, 1-китеп, Фрунзе 1958, 13-бет) кубанычтуу нерсе, улуу эпосубуз Манасты окуп үйрөнүү, калың элдин арасына жайылтуу И.Раззаковдун учурунда жогорку деңгээлде коюлган. Ушул максатта 1958-1960-жылдары "Манас" эпосунун төрт томдон турган варианты жарык көргөн. (История Кыргызской ССР, том 4., Фрунзе, 1984, 386 стр.). Келтирилген жана көмүскөдө калган фактылардын өзү эле: "Аксакал, сиздин бул маселе боюнча да пикириңиз суу кечпей калды" деп турат.

Макалаңызда ошол учурда атайын куугунтукка алынгандардын катарына А.Измайловду кошуп, Раззаковдун "күнөөсүн" дагы да арттырууну ойлогонсуз. Бул да чындыкка анчалык коошпойт, көрүнүктүү илимпоз А.Измайлов, И.Раззаков жөнүндө: "Ал кыргыздын өткүр уулу эле. Мындай таланттуу адам дүйнөгө чанда жаралат. Укмуштуудай оратор, экономика, искусство, маданият, адабиятты терең талдай билген билимдүү эле. Ошондуктан аны эл терең урматтачу", - деп жазган. ("Улуу инсан", эскерүүлөр. Бишкек, 1996, 168-бет). Ал эми Улуттук илимдер академиясында өткөрүлгөн илимий конференцияда (1996-ж. декабрь айы) А.Измайлов: "И.Раззаков менен Ч.Айтматов кыргыз элинин тагдырына жүз жылда бир келчү, кудай жиберген бакыт тагдыры деп айткан". Куугунтук тарткан адам И.Раззаков жөнүндө ушундай пикир айтабы, өзүңүз калыс болуңуз. Кыргызстандын жазуучулары, журналисттер, акындарына болгон И.Раззаковдун камкордугун, мамилесин эл билет, калк баалап жүрөт, даңктап айтып жүрүшөт. Ошондой болсо да жазуучу Ж.Самагановго жасаган иш аракетин "Улуу инсан" китебиндеги көрүнүктүү жазуучубуз Жунай Мавляновдун эскермесин окуп коюу сиз үчүн артыкбаш болбос эле. Ушул мисалдан эле өзүңүз тыянак чыгарып аларсыз. Чындыгында эскермелерде жарыяланган Т.Сыдыкбековдун, А.Сопуевдин, А.Жумакматовдун ж.б. эскерүүлөрү Раззаков жөнүндөгү пикириңизди ырастабайт, четке кагат, төгүнгө чыгарат.

Аксакал, финансалык жана эмгек тартиптерин одоно түрдө бузуп, өз күнөсүнө жараша жаза алган айрым адамдарды алар Раззаков тарабынан репрессияга алынган деп жазыптырсыз. "Укмуштуунун төөсү жорго" деген ушулбу. Ооба, И.Раззаков мындай кишилер менен келише алган эмес, темирдей бекем тартиптин болуусун талап кылган. Бирок бул репрессия эмес. "Колуң менен жасасаң, моюнуң менен тартасың", - деген сөз. Тилекке каршы, азыркы учурда бул маселе бир азыраак көз жаздымда калып жаткансыйт.

Ии баса, сиздин атаңыз да (жаткан жери жайлуу болсун) 1954-жылы И.Раззаковдун учурунда акталып, арбагы ыраазы болбоду беле? Чакан макала жоопту жыйынтыктап жатып, кыргыз элинин белгилүү макалын бир аз өзгөртүп: "Үрчүүлөр үрө берет, бирок И.Разаков сыяктуу кыргыз элинин улуу инсандарынын жаркын элеси, үлгүлүү эмгеги, кайратман иши, көпчүлүк үчүн көргөн камкордугу элдин жүрөгүнүн тереңинде дайыма жүрө берет", - демекчибиз.

*Закирбек ЭРАЛИЕВ,*
*КМУУнун профессору, тарых илимдеринин доктору, "Улуу инсан" китебинин редактору*